# Жашыл карта

## Жашыл карта деген эмне

Бул документ РФте иштеген чет өлкөлүк жарандар үчүн милдеттүү түрдө болушу керек.

## Жашыл карта эмне үчүн керек

Төмөнкүлөрдү жол-жоболоштуруу үчүн:

- РФте убактылуу жашап туруу уруксаты (РВП)
- Жашап туруу уруксаты (ВНЖ)
- Эмгек патенти
- Иштөө уруксаты

Жашыл карта сиз төмөнкү милдеттүү текшерүүлөрдөн өткөнүңүздү ырастайт: медициналык текшерүү, ИИМдин базасы үчүн сүрөткө түшүү жана бармак издерин тапшыруу.

## Жашыл карта кимдерге керек

6 жаштан улуу чет өлкөлүк жарандардын баарына.

**Жашыл картаны алуудан бошотулгандар:** Беларусь жарандары, 6 жаштан кичүү балдар, ошондой эле, качкын деп таанылган жарандар жана РФ аймагында убактылуу баш калка алган жарандар.

## Жол-жоболоштуруу үчүн керектүү документтер

- Паспорт же ID
- Паспорт же ID'нин орус тилине котормосу (нотариустун күбөлөндүрмөсү менен)
- Миграциялык карта
- Миграциялык каттоого туруу жөнүндө билдирме

## Жашыл картаны кайдан алыш керек

Ар бир региондо медициналык текшерүүдөн өтүү, бармак издерин тапшыруу жана сүрөткө түшүү үчүн атайын борборлор бар. Мындай борбордун дарегин регионуңуздун администрациясынын расмий веб-сайтында тапса же жергиликтүү ИИМ бөлүмүндө маалымат алса болот.

## Жашыл картаны качан алыш керек

РФке киргенден кийин 30 күн ичинде.

## Жашыл карта кандай көрүнөт




## Жарактуу мөөнөтү

1 жыл

## Маанилүү

- Бармак издерин РФке алгачкы жолу кирип жатканда бир жолу тапшырыш керек.
- Медициналык текшерүүдөн жыл сайын өтүш керек.
- Медициналык текшерүүдөн өткөндүгү жөнүндө маалым катта анын жарактуу мөөнөтү көрсөтүлөт. Бул мөөнөт бүткөндөн кийин медициналык текшерүүдөн кайра өтүш керек болот.